**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Самат Кыштообекович Ысырановдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 18-мартындагы аныктамасына даттануусу боюнча

# ТОКТОМУ

2024-жылдын 29-майы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А Дуйшеев, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы М.С. Ибраевдин катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, С.К. Ысырановдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 18-мартындагы аныктамасына карата даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

Даттанууда келтирилген жүйөлөрдү изилдеп чыгып, судья-баяндамачы Ж.А. Шаршеналиевдин маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

2024-жылдын 19-февралында Кыргыз Республикасынын

Конституциялык сотуна А.Б. Сакимбаеванын кызыкчылыгын көздөгөн И.Н. Айткуловдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 397-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнүн (мындан ары – КЖПК) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 100-беренесинин 2 жана 5-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтөн жана ага тиркелген материалдардан белгилүү болгондой, 2023-жылдын 20-апрелинен 21-апрелине караган түнү Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин кызматкерлери тарабынан кылмыш ишинин алкагында Мамлекеттик салык кызматынын Чүй облусунун Москва району боюнча текшерүүлөр бөлүмүнүн улук инспектору П.А. Узбеков пара талап кылгандыгына жана опузалоого шектелип, А.Б. Сакимбаева аркылуу Д. Абдыкариевадан пара алган деген шек менен Бишкек шаардык ички иштер башкы башкармалыгынын убактылуу кармоочу жайына камакка алынгандыгы айтылган.

Чүй облусунун Москва райондук сотунун 2023-жылдын 12-майындагы өкүмү менен П.А. Узбеков Д. Абдыкариевага карата салыктык текшерүүнү токтотуу үчүн 50 миң сом өлчөмүндө пара алгандыгына күнөөлүү деп табылган жана ага эки жылдык мөөнөткө салык кызматынын органдарында кызмат орундарын ээлөө укугунан ажыратуу менен эсептик көрсөткүчтүн 5000 өлчөмүндө айып пул түрүндөгү жаза дайындалган.

Мындан тышкары пара алууга ортомчулук кылган деген шек менен А.Б. Сакимбаева да кармалган. П.А. Узбековго карата козголгон кылмыш ишинен А.Б. Сакимбаева боюнча материалдар өзүнчө өндүрүшкө бөлүнүп, ал Чүй облусунун Москва райондук сотунун судьясынын кароосунда турат.

Кайрылуунун автору А.Б. Сакимбаевага карата кылмыш ишинин материалдарын өзүнчө өндүрүшкө бөлүү анын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузуу болуп саналат деп эсептейт. А.Б. Сакимбаеванын жоопкерчилигин П.А. Узбековдукунан өзүнчө бөлүп, ар тараптуу, толук жана объективдүү кароо мүмкүн эмес, анткени эки кылмыш ишинде тең ошол эле

50 миң сом өлчөмүндө пара берүү жана алуу сыяктуу аракет тергөөнүн предмети болуп саналат. Ошондой эле пара берүүдө жана алууда адамдардын жоопкерчилиги жөнүндө маселени чечүүдө жана аларга жазалоо чарасын аныктоодо бул аракеттердин демилгечисин, аталган учурда Д. Абдыкариеванын аракетин аныктоо маанилүү жагдай болуп саналат.

П.А. Узбековго карата жогоруда аталган өкүм 2023-жылдын 7-июнунда мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин А.Б. Сакимбаеванын адвокаты тарабынан апелляциялык тартипте даттанылган, бирок бул даттануу А.Б. Сакимбаеванын соттолуучу адамдын иши боюнча процесстин катышуучусу эмес экендигин көрсөтүү менен, КЖПКнын 397-беренесинин негизинде Чүй облусунун Москва райондук сотунун төрагасынын каты менен менен кайтарылган.

Кайрылуунун автору, тергөөчү А.Б. Сакимбаевага карата кылмыш ишинин материалдарын өзүнчө өндүрүшкө бөлүп, ал П.А. Узбековго козголгон кылмыш ишинде формалдуу түрдө тарап болбой турган жагдайды түзгөн деп эсептейт.

Арыз ээси КЖПКнын 440-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык кассациялык инстанциядагы сотко кайрылуу укугу процесстин катышуучуларына гана эмес, ошондой эле башка кызыкдар жактарга да таандык экендигин көрсөтөт. Бирок КЖПКнын 439-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык апелляциялык тартипте даттанылбаган соттук чечимдер кассациялык тартипте кайра каралууга жатпайт.

Ошентип, арыз ээсинин пикири боюнча, талашылып жаткан ченемдер Конституциянын 100-беренесинин 2 жана 5-бөлүктөрүнө карама-каршы келет, анткени аларда укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктары козголгон адамдардын соттордун чечимдерине жана өкүмдөрүнө даттануу укугун караган ченемдик жоболор камтылбайт.

Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 18-мартындагы аныктамасы менен А.Б. Сакимбаеванын кызыкчылыгын көздөгөн И.Н. Айткуловдун өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынган.

Конституциялык сотко 2024-жылдын 23-апрелинде судьялар коллегиясынын көрсөтүлгөн аныктамасына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Конституциялык соттогу туруктуу өкүлү С.К. Ысырановдон даттануу келип түшкөн, анда ал негизсиз экендиги жана төмөнкү негиздер боюнча ал жокко чыгарылууга жатат деп көрсөтүлгөн.

Конституцияга ылайык, ар бир адам Негизги Мыйзамдын экинчи бөлүмүндө таанылган укуктары жана эркиндиктери мыйзамдарда жана башка ченемдик укуктук актыларда бузулуп жатат деп эсептесе, алардын конституциялуулугун талашууга укуктуу. Мында, конституциялык сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү жогору болгонуна карабастан, мыйзамда Конституциялык сотко кайрылууларга карата так талаптар белгиленген. Алсак, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык кайрылууда конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында каралууга жаткан конкреттүү негиздер, Конституциянын тиешелүү ченемдерине таянуу менен коюлган маселе боюнча өзүнүн позициясынын укуктук негиздемеси көрсөтүлүүгө тийиш. Бирок С.К. Ысырановдун пикири боюнча И.Н. Айткулов өзүнүн кайрылуусунда талашылып жаткан ченемдердин аракеттери Конституциянын экинчи бөлүмүндө жарыяланган адамдын жана жарандын тигил же бул укуктарын жана эркиндиктерин кандайча бузуп жаткандыгын ырастаган жүйөлөрдү жана далилдерди келтирген эмес.

С.К. Ысыранов конституциялык укуктардын бузулушун, арыз ээси талашылып жаткан ченемдердин мазмуну менен эмес, укук колдонуу практикасынын айрым учурлары, тактап айтканда тергөөчүнүн негизсиз процессуалдык чечимдери менен байланыштыргандыгын баса белгилейт.

Ушуга байланыштуу ал укук колдонуу практикасын кароо маселелери, анын ичинде жалпы юрисдикциядагы соттор, сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу кызмат адамдары тарабынан конкреттүү иштерди кароодо материалдык жана процессуалдык укуктун ченемдерин колдонуунун

тууралыгынын маселелери Конституциялык соттун ыйгарым укуктарына кирбегендигине көңүл бурат.

Баяндалганды эске алуу менен, С.К. Ысыранов судьялар коллегиясынын даттанылып жаткан аныктамасын жокко чыгарууну жана бул иш боюнча өндүрүштү токтотууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту анын жүйөлөрүн жана А.Б. Сакимбаеванын кызыкчылыгын көздөгөн И.Н. Айткуловдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуу үчүн негиздерди талкуулап, төмөнкүдөй тыянактарга келди.

1. Жеке жана юридикалык жактарда Конституциялык сотко кайрылуу укугунун пайда болуу критерийлеринин бири болуп Конституцияда таанылган жана анын экинчи бөлүмүндө белгиленген адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актыларынын күчү менен бузулушу саналат. Анын үстүнө И.Н. Айткулов талап кылынган аргументтерди келтирген эмес, ал эми ал шилтеме кылган ченемдер Конституциянын сот бийлигине жана сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун принциптерине арналган үчүнчү бөлүмүнүн төртүнчү главасында каралган.

Бул контекстте укук колдонуу практикасында конституциялык презумпциянын маанилүүлүгүн баса белгилөө керек, ага ылайык конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында андай эместиги далилденмейинче, бардык мыйзамдар жана ченемдик укуктук актылар башынан эле конституциялуу деп эсептелет. Бул принцип туруктуу укук тартибинин, мыйзамдарды урматтоонун жана кыйшаюусуз сактоонун негизинде жатат, ушуга байланыштуу кайрылуунун негизги аспектиси болуп арыз ээси тарабынан талашылып жаткан укук ченеминин конституциялуулугунда айкын күмөндүүлүктү пайда кылуучу укуктук негиздемени келтирүүсү, ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзам менен коюлуучу бардык башка талаптарды сактоосу саналат.

2. КЖПКнын 46-главасына ылайык, жазык иштерине апелляциялык даттануу укугу соттук чечим менен кызыкчылыгы түздөн-түз козголгон адамдардын чөйрөсүнө берилет. Процесстин ушул тараптарына айыпталуучулар, алардын адвокаттары жана мыйзамдуу өкүлдөрү, мамлекеттик айыптоочулар, ошондой эле жабырлануучулар жана алардын өкүлдөрү кирет.

Апелляциялык даттануунун тартиби тараптардын атаандаштыгынын жана тең укуктуулугунун конституциялык принцибинен келип чыгат, ал кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө негиз салуучу принциптердин бири болуп саналат (Конституциянын 100-беренесинин 3-бөлүгү).

КЖПКнын 18-беренесине ылайык, сот бардык тараптардын процессуалдык укуктарын жана милдеттерин бирдей жана так ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү менен объективдүүлүктү жана калыстыкты камсыз кылат.

Ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучу иштин жыйынтыгына тикелей жана мыйзамдуу кызыкчылыгы бар жана апелляциялык соттун чечимине олуттуу таасир эте ала турган процесстин катышуучуларына апелляциялык укук берилерин белгилеген. Мыйзамдуу күчүнө кирген бул чечимдер кассациялык инстанциядагы сотко даттанылышы мүмкүн, анын негизги милдети сот тарабынан материалдык жана процессуалдык укуктун ченемдеринин колдонулушунун тууралыгын текшерүү болуп саналат.

3. Кылмыш-жаза иштери боюнча сотко чейинки жана соттук өндүрүштүн процессуалдык формасынын маанилүү элементтери болуп КЖПКда белгиленген жалпы шарттар жана эрежелер саналат, алардын бири жазык ишин өзүнчө өндүрүшкө бөлүү институту.

Алсак, КЖПКнын 142-беренеси тергөөчүгө, судьяга жана сотко жазык ишинин материалдарын өзүнчө өндүрүшкө бөлүү укугун берет. Ал, ошондой эле бул бөлүү мүмкүн болгон шарттарды аныктайт, муну менен аталган адамдардын мындай аракеттери үчүн юридикалык негиздерди бекитет. Ошону

менен бирге, КЖПКнын аталган беренесинин 3-бөлүгү, эгерде бул кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн ар тараптуулугуна жана объективдүүлүгүнө таасир этпесе, ишти бөлүп чыгууга жол берилерин белгилейт.

Ошентип, КЖПКнын 142-беренеси жазык иштерин өзүнчө өндүрүшкө бөлүү үчүн так критерийлерди жана негиздерди белгилейт, муну менен бул ченемди өзүм билемдик менен колдонуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат.

4. КЖПКда кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн фундаменталдык принциптеринин катарында кандай болбосун процесстик аракеттерге (аракетсиздиктерге) жана чечимдерге даттануу принциби бар (22-берене).

Конституциялык сот, ал кылмыш иштери боюнча сотко чейинки өндүрүштө өзгөчө мааниге ээ болорун буга чейин белгилеген, анткени бул этапта ыйгарым укуктуу кызмат адамдарынын иши көбүрөөк деңгээлде адамдын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин чектеген жазык-процесстик мажбурлоо чараларын колдонуу менен шартталгандыгын белгилейт (2022-жылдын 21-сентябрындагы Чечим). Алсак, КЖПКнын 16-главасы, эгерде жүргүзүлүп жаткан процессуалдык аракеттер (аракетсиздик) же чечимдер кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын, ошондой эле башка адамдардын кызыкчылыктарын козгосо, кылмыш-жаза сот өндүрүшүн жүзөгө ашыруучу кызмат адамдарынын аракеттерине жана чечимдерине даттануу тартибин деталдуу регламенттейт.

Эгерде процесстин катышуучулары, анын ичинде күбөлөр, КЖПКнын 55-беренесинин 6-бөлүгүнүн 6-пунктунда аныкталгандай өздөрүнүн макул эместигин билдиришсе, колдонуудагы укуктук жөнгө салуу тергөөчүнүн, судьянын же соттун жазык ишин өзүнчө өндүрүшкө бөлүү жөнүндө чечимдерине даттануу мүмкүнчүлүгүн караарын баса белгилөө керек. Муну менен, жазык-процесстик мыйзамдар сотко чейинки өндүрүштө кабыл алынуучу процесстик чечимдердин мыйзамдуулугун натыйжалуу камсыз кылуу үчүн жетиштүү укуктук инструменттерди берет.

Ошентсе да, арыз ээсинин пикири боюнча сот процессинин катышуучуларынын конституциялык укуктарынын бузулушуна алып келген, сотко чейинки өндүрүштө өзүнчө процесстик чечимди кабыл алуунун натыйжасында түзүлгөн укуктук кырдаал талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугуна күмөн жараткан укуктук аргумент катары бааланышы мүмкүн эмес.

Ошентип, Конституциялык сот КЖПКнын 397-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнүн жоболорунан конституциялык сот өндүрүшүнө кайрылууну кабыл алуу үчүн милдеттүү шарт – укуктук белгисиздикти көргөн жок.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т О К Т О М  К Ы Л Д Ы:**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Саматбек Кыштообекович Ысырановдун 2024-жылдын 23-апрелиндеги даттануусу канааттандырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 397-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө А.Б. Сакимбаеванын кызыкчылыгын көздөгөн И.Н. Айткуловдун өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 18-мартындагы аныктамасы жокко чыгарылсын.

3. Бул токтом акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**